**Бозум Алышбаев**

# ТАБИЯТ МЕНЕН ТАТТУУ МАМИЛЕ

Сүрөтүн тарткан **К.Рымбек**



**Бозум Алышбаев**

# ТАБИЯТ МЕНЕН ТАТТУУ МАМИЛЕ

Сүрөтүн тарткан **К.Рымбек**

Областтык китепкананын
БАЛДАР КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 6/к

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-4
А 59

Алышбаев Бозум
А 59 **ТАБИЯТ МЕНЕН ТАТТУУ МАМИЛЕ**/ Сүрөтүн тарткан К. Рымбек / Тексттерди иреттеп, калыптандыргандар: Н.Баимбетова, А.Токтомаметов, Ж.Турпанова. – Б.: «Таалим-Форум» КФ, 2015. – 44 б.

ISBN 978-9967-27-737-3

Белгилүү биолог Бозум Алышбаев агайдын кенже жана тестиер балдарга арналган бул китебинде адам менен жаратылыштын тыгыз байланышы жөнүндө кызыктуу аңгемелер, уламыштар, жомоктор, аңыз кептер, ошондой эле өзү байкаган кызыктуу окуялар баяндалат.

Китеп Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы жана Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан жактырылган.

www.taalimforum.kg
taalimforum@gmail.com
+996 (312) 298 681

А 4702300100-15

ISBN 978-9967-27-737-3

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-4
© «Таалим-Форум» КФ, 2015

*Жердин бетин таптаганга сүйүнбө,*
*анын байлыгын сактаганга сүйүн.*

*Элдик накыл сөздөрдөн*

XX кылымдын экинчи жарымынан баштап жер шарындагы адамдардын санынын кескиң көбөйүшү жана техниканын тездик менен өсүшү элдин жашоосу үчүн көп коркунучтарды жана түйшүктөрдү жаратты; табигый байлыктарды (кен байлыктар, өсүмдүктөр, жаныбарлар) ашкере көп алуунун натыйжасында жаратылыш жакырданууда; табигый экологиялык тең салмактуулук бузулуп, климат өзгөрүүдө; сырткы чөйрөгө зыяндуу, уулуу заттар көп бөлүнүп, ден соолукка терс таасирин тийгизүүдө; эгин эккен, мал жайган жерлердин асылдуулугу төмөндөп, тамак-аштын сапатынын начарлашына алып келүүдө.

Ошондуктан жер шарында адамзаттын саламаттыгына зыян келтирбей жашоо мүмкүнчүлүгүн сактоо үчүн ар бир адам жаратылышка аяр мамиле жасоону, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрлөрүн жоголуп кетүү деңгээлине жеткирбей, кайра калыбына келбей турган ресурстарды өтө сарамжалдуулук менен пайдаланууну ар бир мамлекет көзөмөлгө алышы зарыл.

Мындай талап жалпы Кыргызстанга, өлкөбүздүн ар бир жаранына тиешелүү болуп саналат. Ар бирибиздин алдыбызда эки талап турат. Биринчиси – глобалдык экологияны сактоого салым кошуу; экинчи талап – өз жергебиздин көркүн, шартын, байлыгын жакырдантпай, кийинки урпактарга калтыруу.

# ЖЕРГЕБИЗДЕГИ ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮ

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларына байкоо жүргүзсөк, жергебиз байыртан эле жан-жаныбарларга өтө бай болгондугун билебиз.

Кыргызстандын аймагында жашаган жаныбарлардын түрлөрү абдан арбын. Бизде 90го чамалуу сүт эмүүчүлөрдүн түрү, канаттуулардын 420дан ашык, балыктын 65 түрү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 35 түрү, жерде-сууда жашоочулардын 3 түрү кезигет.

Жергебизде мындай көп түрдүүлүк жана жаныбарлардын өтө жыш жашашы эмнеликтен? Биринчи себеби: жергебиз ойдуңдуу-тоолуу аймак болгондуктан, анда ар түрдүү климаттуу чөйрөлөр кезигет: ошондуктан бизде жаныбарлардын көп түрү өз жашоосуна ыңгайлуу шарт таба алышат. Экинчиден – жергиликтүү эл жаныбарлардын бардык эле түрүнө сүймөнчүлүк менен, аяр мамиле жасашкан. Алардын ою боюнча ар бир жаныбар, адамдын өзү сыяктуу эле табийгаттын бөлүгү, алар табийгатта жаралган. Демек, жан-жаныбырлардын да жаратылышта белгилүү орду жана жашоого укугу бар.

Мурда улуу адамдар оюнга кызыгып, чычкан кармап жүргөн балдарды көрүп калса да: «Кой, балам, кыйнабай коё бер, ал деле Кудай жараткан макулук» – деп, коё бердиртип жиберишкен. Кыргыз элинин түркүн жаныбарлар менен жанаша жашоосу, аларга колдон келишинче жардам көрсөтүп, сообуна калуусу байыркы замандардан бери келе жаткан мүнөздүү касиети экендиги байкалат. Буга мазмуну боюнча байыркы замандарда жаралган жөө жомоктор, эпостук чыгармалар күбө. Сандаган жомоктордун каармандары тигил же бул жандыкка жакшылык кылып, достошуп, алардын жардамы менен максаттарына жетишкендиктерин көп эле угуп жүрөбүз. Ал эми «Эр Төштүк» кенже эпосунда Төштүк жер астына түшүп кетип, боорукердик иштеринин натыйжасында аман калып, кайрылып келгендиги айтылат эмеспи. Ал өрттөн куткарып калып, кумурскалар менен достошуп, аңгектен чыгарып, аюу менен достошуп, таманына кирген чөңөрдү алып, жолборс менен достошуп, ажыдаардан балапандарын куткарып калып, алп кара куш менен достошуп, ошолордун жардамы менен



гана толгон токой тоскоолдуктарды жеңип, жер үстүнө чыккандыгы айтылат. Демек, мында да жаныбарлар менен достошууга чакырык болуп жатпайбы!

Жаратылышта жашаган ар бир жаныбарды көздүн карегиндей сактоо, кийинки урпактарга өткөрүп берүү ар бирибиздин ыйык милдетибиз экенин эсибизден чыгарбасак!

## ЖАНЫБАРЛАРГА БОЛГОН ӨЗГӨЧӨ МАМИЛЕ

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларына, санжыраларына саресеп салып, байкоо жүргүзсөк, эл кай бир айбанаттар менен жакын карым-катнашта жашагандай туюлат. Ысык-Көлдүн чыгыш тарабында жашаган элдин уруусу «Бугу» деп аталары баарыбызга белгилүү. Санжыралар боюнча бул элдин эки мергенчиси (Карамурза, Асанмурза) бир кезде Ала-Мышыктын тоосунда жүрүшүп, бир кызды таап келишет. Бара-бара ал кыз өңдүү-түстүү, эстүү болуп чоңоюп, бийкеч даражасына жеткенде, тууганларынын бирине турмушка беришет. Ал кыздын теги белгисиз. Кайберендин кызы болсо керек деп да болжошот. Кийин ал кыз бала-чакалуу болуп, башында мүйүздүн нугу болгондуктан, «Мүйүздүү эне» атка конот.

Ушуга окшош дагы бир окуя: XVIII кылымдын экинчи жарымында Ат-Башы аймагында Борсок деген бий жигиттери менен куш салып жүрүп, ачуу үн чыгарып, суу бойлоп ыйлап бара жаткан аялдын үнүн угуп, билип келүүгө жигитин жиберет. Жигити: «Балалуу аял суудан өтүп келатып жыгылып, атынан жана бешиктеги баласынын ажырап калып, өзү араң жээкке чыгып, баласын издеп ыйлап жүрөт» – дейт. Бий: «Баласын издешип бергиле» – деп, жигиттерин кайра жиберет. Бирок, кеч кирип кетип, бала табылбайт, эртеси эртең менен жигиттер сууну бойлоп кыдырып жүрүшсө, бир аралда марал бешикке сүйөнүп тургансыйт. Алар барганда, марал кетип калат, бала аман-эсен, оозунун жээктери көбүктөп, жаңы эле эмчек эмгени байкалат.

Борсок бий аялды баласы менен үйүнө алпарып багып жүрөт. Кийин көлдүк Бирназар деген бийдин баласына турмушка чыккан кызынын себин

бергенде, ошол балалуу аялды кошо берет. Бирназар бий баланы жылкычы болуп жүрсүн деп атын Жылкайдар (Жылкы айдар) коёт. Жылкайдар чоңоюп, үйлүү-жайлуу, тың адам болот. Анын баласы Тилекмат өтө акылдуу, элчиликке жөндөмдүү болгондугу көп айтылат. Уруулар ортосундагы, улуттар аралык нечен талаштарда айласын таап, көл элин көптөгөн кысталыштан куткарган экен. Азыр Тилекматтын тукуму эки чоң айыл эл.

Мына ошентип, кыргыз эли айбанаттарды кырып-жоюп кыянаттык кылбагандыктан, алар адамдардан коркуп алыс кетпестен, адам менен аймакташ жашап жүргөн экен. Бул окуядан кайберендерде деле энелик ыйык сезим бар экендиги, ал турсун андай сезим адамдардыкынан күчтүүрөөк экендиги билинет.

Белгилүү «Кожожаш» кенже эпосун алып көрөлүчү. Анда напсисин агытып, кайберендерди, эчкинин улактарын кырып койгондо, Сур эчки Кожожашка наразы болуп: «Кайберен энең мен элем, бар эле сенден үмүтүм» деп айтып, Кожожашты каргайт. Табийгатка катаал мамиле кылган Кожожаш ошентип аскада калат.

Кийин Кожожаштын уулу Молдожаш атасынын жолу менен барбай, табият менен жакын мамиледе болуп, кайберендин кызы Ашайранга үйлөнүп, тынчтыкта жашай баштаганы айтылат. Молдожаштын жаратылыш менен алакасы аркылуу кыргыз эли табийгатка туура мамиле кылууну көрсөтөт, элди ушул жолго үндөйт.

## ЖАНЫБАРЛАР ТУРМУШУ

Кыргыздардын жапайы айбанаттар жөнүндө түшүнүктөрү терең экендиги көрүнүп турат. Биз билген башка элдерде жаныбарлардын балдарын анын баласы деп эле коюшат. Кыргыздарда болсо, аюунукун – «мамалак», карышкырдыкын – «бөлтүрүк», түлкүнүкүн – «бачики», коёндукун – «бөжөк», суурдукун – «чөндөлөй», эликтикин – «чаарчык», аркардыкын – «козу», тоо эчкиникин – «улак», мышыктыкын – «мый», чычкандыкын – «чие» деп, өзгөчө ат менен аташат. Ошондой эле бугу-марал, аркар-кул-

жа деп кыргыздарда айбанаттардын эркек жана ургаачыларын айырмалашат. Мында бугу – эркеги, марал – ургаачысы болсо, аркар – ургаачысы, кулжа – эркеги.

Кыргыз эли өз аймагында жашаган сүт эмүүчүлөрдү да, канаттууларды да, айрыкча, алгыр куштардын тиричилигин терең билгендиги белгилүү.

Мисалы, бүркүттөрдү сырткы көрүнүшү, жашоо чөйрөсү, алгырлыгы, кыял жоругу боюнча бири-биринен айырмалап, төмөнкү топторго бөлүшөт: төө комдот, муз мурут, чегирлер (кара чегир, куу чегир), чөл бүркүтү, суу бүркүтү. Колунан көп эч нерсе келбегендерин «байлооч бүркүт» деп да аташат. Бүркүттөрдү жашына жараша ажыратуу да кыргыз элинин бүркүттөрдүн тиричилигине көп көңүл буруп келгендигин кабарлайт. Бүркүттүн балапандарынын уядан учканга чейинки мезгилин эле төрт баскычка: «кызыл эт», «ак куу», «темир канат», «жетик» деп бөлүшөт. Андан ары: бир жашын – «бозум түлөк», эки жашын – «ным түлөк», үч жашын – «кум түлөк», төрт жашын – «таш түлөк», беш жашын – «бир барчын», алты жашын – «эки барчын» деп уланта беришет. Санжырачылардын айтымына караганда, жакшы мүнүшкөрлөр бүркүттүн өңүнө, кыймылына карап эле жашын аныктай алат.

Бүркүттөр сыяктуу эле башка алгыр куштарды да топторго бөлүүгө болот. Мисалы, куштар: туйгун, тунжур, тынар, учала; ителгилер: күйкө, шумкар, ак шумкар, кара шумкар, таза шумкар, байпактуу шумкар жана башка деп бөлүнөт. Кыргыздар дайыма жан-жаныбарларды коргоого, эркиндигин сактоого көп көңүл буруп келишкен. Эл жаныбарлардын тиричилигин терең билген.

## «ЫЙЫК» ДЕГЕНДИ КАНДАЙ ТҮШҮНӨБҮЗ

«Ыйык» деген сөз аты айтып тургандай, өтө таасирдүү жана көп кырдуу мааниге ээ. Мисалы, ар бир адамга ата-эне, Ата Мекен ыйык экени белгилүү. Эгер акыл-эстүү адам ата-эненин, Ата Мекендин ыйыктыгын эске албай, терс иш жасаса, аларга каршы иш кылса, ал табияттан да жаза

аларын билебиз. Жаратылышта айрым бир жаныбарлар да «ыйык» делет. Андай жаныбарларга тийген, өлтүргөн адамды табият жазалайт деген ишеним бар.

Таң кала турган жагдай, мындай «ыйык» жандыктарга жырткыч айбанаттар да кол салуудан тартынышат дешет. Элдик түшүнүк боюнча, «ыйык» даражасына ар кандай жагдайга байланыштуу өзгөчөлөнүп турган жаныбарлар кирет. Мисалга алсак: ак карга, ак таранчы, ак тоо эчки, ак бугу ж.б.

Тоо эчкилердин баары эле бир өңдүү сур түстө болору белгилүү. Бирок, кээ бирде ак эчки да болуп калат имиш. Андай эчкини «касиеттүү», «ыйык», «кайберендердин ээси», «кайберендердин пири», «колдоочусу» деп коюшат. Мындай тоо эчкисине эч ким тийбей, «ыйык» деп эсептешет.

Ак түстөгү атты да ак дебейт эмеспи. Бул тууралуу «Жылкы» деген темадан окусаңар болот.

## СУУНУН ЫЙЫКТЫГЫ

Суу – бүтүндөй тирүү организм, анын ичинде адам да таза суусуз жашай албай тургандыгы, тирүү денеде боло турган тиричилик процесстердин бардыгы суунун катышуусу менен жүрө тургандыгы баарыбызга белгилүү. Кыргыз эли мындай жагдайды туура баамдап, байыркы мезгилден бери эле сууга өзгөчө мамиле жасап, «Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор», «Суу – өмүр булагы», – деп келишкен.

Элдин терең ишениминде, сууда өзгөчө сыйкырдуу касиет жана аны көзөмөлдөөчү ээси бар. Ошол себептен эл сууга өтө ыйык, касиеттүү зат катары мамиле жасап келишкен. Бакшылардын, эмчи-домчулардын «Суунун ээси – Сулайман» же «Суу башында Сулайман». Кээде: «Суунун ээси – Сулайман, менден эмес Кудайдан» деп, анан сөзүн эмнеге багыштаганын айтып улантышкан. Бул ырым азыркыга чейин эле эл арасында сакталып жүргөнүн билебиз. Кокус бирөө катуу коркунучтан, кырсыктан аман калса же катуу оорудан айыкса, калган тарткылык болсо, суу жууп кетсин деген

тилек менен башынан суу тегеретип чача турган салт бар. Бирөө жаман түш көрсө, аны эч кимге айтпай, жорутпай туруп, агын сууга барып айтат.

Нускалуу карылар кичи пейилдик кылып жаш балдар кызмат көрсөтсө: «Агын суудай өмүрүң узун болсун!» – деп алкыш айтып, бата беришет.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИ СУУГА БАЙ

Суунун дарылык касиетине байланышкан көптөгөн ишенимдер, үрп-адаттар бар. Азыр Жети-Өгүз, Жалал-Абад, Ак-Суу, Кара-Шоро, Жыргалаң, Боз-Учук, Бар-Булак сыяктуу минералдык арашандардын касиети жалпыга кеңири маалым.

Элибиз минералдык суулардын эле эмес, кадимки агын суулардын да зор дарылык касиети бар деп билишкен. Күнүгө ачкарын муздак суудан кичинеден ичип жүрсө, ашказандын иштөөсү бузулбайт деген ишеним бар. Бул ишенимдин тууралыгын көп адамдар өздөрүнүн тажрыйбасында тастыкталгандыгын айтышат.

Кыргыз эли илгертен эле оорулардын басымдуу көпчүлүгүн суу, кайнак суу ичирүү менен дарылап келишкен.

Эл сууну тазалыктын үлгүсү катары баалашат жана бардык нерсени тазарта турган да суу деп түшүнүшөт. Ошондуктан «аппак болсоң куудай бол, таза болсоң суудай бол» деген накыл кеп айтылып, бул ойду бышыктап турат.

## МҮРӨКТҮН СУУСУ

Эл ичинде мүрөктүн суусу жөнүндө көптөгөн уламыштар, жомоктор бар. «Манас» эпосунда Семетей өзүнүн Ак шумкарын салып жүрүп, өрдөк алдырат. Ал өрдөк мүрөктүн суусун ичкен болуп чыгат. Семетей ал өрдөктү канжыгасына байланып келе жатканда, өрдөктүн каны минген аты Тайбуурулдун капталына тамат. Үйүнө келип өрдөктү тазалашканда, калдык-

тарын ити Кумайык жейт, этинен Ак шумкарга да чокутат. Өрдөктүн этин бышырып, Бакай, Семетей, Каныкей, Айчүрөк болуп чогуу жешет. Ошондуктан алар өлбөс болуп, көпкө жашашат, кийин гана кайып болуп кетишет. Алар азыркы мезгилге чейин кайып кейпинде жашап жүрүшөт имиш. Кай бирде адам түспөлүнө келип, айрым адамдарга кезигип да калат деген уламыш кеп айтылып жүрөт.

Чоң Манасчылардын дээрлик баардыгы «Манас» айтып калуусунун себеби дал ошол кайып болуп кеткен адамдар түшүнө кирип, аян беришкени болгонун айтышат. Чыгарманы эл алдында айтып жаткан учурда да окуяга аралашып жүргөндөй болуп, окуялар, каармандар манасчылардын көздөрүнө көрүнүп турарын айтышат. Мүрөктүн суусун ичкен киши өлбөс болуп, кайыпка айланып кетери жөнүндөгү кеп эл оозунда айтылып келет.



# АРЧА

Пайгамбар чабалекейди мүрөктүн суусунан алып келүүгө жумшайт. Чабалекей жети катар тоонун ары жагындагы аска таштан тамчылап турган мүрөктүн суусун тосуп жыйнап алат. Учуп келе жатып, жолдон чаалыкканда идишти арчанын түбүнө коюп, тамактанып келиш үчүн учуп кеткен учурда, сагызган суу куюлган идишти көрө коюп, мүрөктүн суусунан ичип, калганын төгүп салат. Ал суу арчанын тамырына сиңет. Ошол себептен арча менен сагызган өлбөс болуп, көп жашап калган имиш. Эл арасында: «Арчадай өмүрлүү бол!» – деп бата айтуу арчанын жайы-кышы жапжашыл жана узак жашап калганынан улам айтылып калса керек.



# АК КУУ

(Болгон окуя)

Көлдүн түштүк жээгинде жаз мезгилинде эки ак куу уя салчу жерине учуп кетпей жүргөндүгүн элдер көрүшөт. Бир киши жакындан барып, эки ак куунун биринин канаты сынык экендигин, ошол себептен учуп кете албаса, экинчиси аны таштап кете албай жүргөндүгүн түшүнөт. Күндөрдүн биринде байкоо салса, ак куулар жээкке, кургакка чыгышып, бири жатып калып, экинчиси аны айлана жүгүрүп жатканын көрөт. Бир учурда бирөө учуп чыгып, улам айланып, бийик көтөрүлүп барып, анан өзүн жерге катуу таштаганын байкайт. Жанына барса, экөө тең өлүп жатат. Карап көрүп, бири жарааттан өлгөнүн, экинчиси түгөйсүз жашагысы келбей өз жанын кыйганын түшүнөт.

Ушул сыяктуу окуяга мен да туш болгом.

1984-жылдын январь айы эле. Көгүлтүр Ысык-Көл санаториясына келип дарыланып жатканда, көлдү жээктеп бир ак куу жүргөнүн көрдүм. Көрүнүшү өтө муңайыңкы эле. Адамдардан деле көп качпай, сагаалап эле жээкти карап, бир нерсени күтүп жүргөндөй сезилчү. Эс алуучулар нан ыргытса, коркпой эле жээкке жакын келип, жеп алчу. Сураштырсам, анын түгөйүн бир таш боор атып кетиптир. Ошондон бери түгөйүн күтүп, «түгөйүмдү кайтаргыла» деп, элге карап жалдырап жүрөт дешти. Кийинки жылы барып сураштырсам, аны дагы бирөө жыга чаап кетиптир. Эл ичинде ушундай таш боор, кара өзгөйлөр бардыгына абдан зээним кейиди.

Айтылган өңү ак жаныбарлардан башка да элибизде чабалекей, сасык үпүп, бүркүт, үкү «ыйык» делет.

# ЭСТЕН КЕТКИС ОКУЯ

Адам өмүрүндө ар кимден миңдеген окуяларды, аңгемелерди угат. Бирок алардын баары эле адамды бирдей кызыктырып, бирдей таасир тийгизе бербейт. Андай аңгемелердин көпчүлүгү угуп жатканда кызыктырып турганы менен, убакыт өткөн сайын дээрлик унутулуп да калышы мүмкүн. Ал эми айрым аңгемелер адамга күчтүү таасир этип, көпкө чейин эсте сакталып калат эмеспи.

Ошондой аңгемелердин бири – ушул мен жазып жаткан окуя. Мындан бир топ жыл мурда «Көгүлтүр Ысык-Көл» курортунда эс алып жүрүп, улгайып калган бир адамдан уккан элем.

Ал киши окуяны төмөнкүчө баяндады.

«Ар кимдин туулган жери – өзүнө мисир» деген сөз бар эмеспи. Мен дагы туулуп-өскөн жеримди айрыкча сүйөр элем. Мен үчүн ал жердей баары тааныш жана сүйкүмдүү башка жер жок эле. Бирок, бир күнү ошол жерде жашаган элиме айыптуу болуп калып, ушул мезгилге чейин өз күнөөмдү өзүм кечире албай, абийирим чыдап ал жерге бара албай, качып жүрөм. Анда мен он төрт жашта элем. Биздин айылыбыз болжол менен 50-60 түтүндөн турчу.

Айыл түштүк чыгыштан түндүк батышты көздөй кеткен узун капчыгай өрдөштүн сол капталында, агын суу менен кырка тоонун ортосундагы узун тектирчеде жайгашкан. Капчыгайдын ортосундагы терең жардын түбү менен шаркыраган суу акчу. Биздин айылдын туура тушунда кырка тоону тилкелеген чоң кокту болор эле. Коктунун оозунда үч чоң түп сары жыгач өсүп турчу. Алар менен туташып тескей тарабында коктунун оозунан башына дейре калың бадал өсүүчү. Ал бадалдардын арасынан кыштыр-жайдыр кекилик-чил үзүлчү эмес. Түркүн сайроочу майда чымчыктар да көп эле. Коктудан кичине булак агып түшчү. Биздин айылдын эли ошол булактан суу иччү, булактын боюнда бир аз шалбаа бар эле. Төмөнүрөөк эгин талаасы да бар болучу, кыштын күнү капчыгайдын башынан ылдый карай катуу шамал болуп кар учуруп калчу. Ошондуктан коктунун оозун-

дагы сары жыгачтардын кокту тараптагы далдаасына дайыма кар жыйылып, дөбөдөй болуп жатар эле.

Ошол жылы күз айларынын биринде мен эки жолдош балам менен сары жыгачтын түбүнөн бир кекиликти чаап алып, ошол эле жерге куйкалап кактап жеп, жаккан отубузду жакшы өчүрбөй кетиптирбиз. Биз кеткенден кийин шамалдын таасири менен отубуз тутанып өрт чыгып, сары жыгачтар өрттөнүп кетти. Ошондон кийин кышында ал жерге кар турбай калды. Натыйжада коктудагы бадалдар жылдан-жылга коктунун оозу тарабынан баштап куурап, өөдө түрүлүп кете баштады. Көп убакыт өтпөй, мен дагы шаарга окууга кеттим. 4-5 жылдан кийин барсам, баягы бадалдар коктунун башына чейин жок болуптур. Ал чөлкөмдө, жада калса, кекилик-чилдер жок калыптыр. Жайдак жерде калып, куштарга жем болуп, калганы башка жактарга ооп кетсе керек. Коктудан аккан булак да байып, анын натыйжасында шалбаа кургап, сугат суунун жоктугунан эгин да айдалбай калган экен. Айылдын эли сууну төмөнкү коктудан ташып ичип калышыптыр. Кийин айылыбыз да төмөн жактагы совхоздун борборуна көчүп кетишти.

Мындай абал жөнүндө так баа берип, мени айыптап, күнөөлөгөн деле эч ким болгон жок. Ошондой болсо да, өзүмдүн туулуп-өскөн жериме ушунча зыян келтирип, элимди бүлгүнгө учураткандыгым үчүн өзүмдү өзүм кечире албай, эбегейсиз зор күнөөмдү өмүр бою аркалап жүрөм.

Жаратылыштын түрдүү көрүнүштөрү бири-бири менен ушунча чынжырлашып байланышып турарын, андагы сонун көрүнүштөр, ал турсун, элимдин жашоо мүнөзү да ошол үч түп сары жыгачка байланыштуу экендигин кайра-кайра көз алдыман санап өткөрөм. Бул окуя үчүн «өзүмдү, ошол каргашалуу күндү, капысынан кабылган кекиликти жек көрүүм барган сайын күчөөдө», – деп карыя сөзүн аяктады.

Ошондон кийин бул окуя, окуяга себепкер болгон карыянын эле эмес, менин да оюмдан кетпей калды. Ар күнү элге барып: «Этият болгула, жаратылышка доо кетирип албагыла, эл-журт!» – деп кыйкыргым келет.

# СООПЧУЛУК

Бул сөз – ар бир акыл-эстүү адам дилинде бекем сактаган, ар бир ыймандуу адамдын мойнундагы милдети, парзы катары саналган маанилүү сөз. Ар бир мүмкүнчүлүгү бар адамдын алсыздарга, майыптарга, жетим-жесирлерге, ошондой эле начар, кыйынчылыкта калган адамдарга, жаныбарларга, өсүмдүктөргө жардам көрсөтүүсү соопчулук иш делет. Өмүрүндө көп сооп жыйнаган, элдин, карылардын батасын көп алган кишини жолдуу, бактылуу, көп жашайт, бейишке туш болот деген ишеним бар. Ошон үчүн элибизде «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт» деген макал бар.

Ар бир ыймандуу адам дайыма соопчулук иш жасоонун аракетинде болушу зарыл. Мындай адам муктаж адамдан жардамын аябайт. Ошондой эле жапайы айбанаттарды оор абалдан сактап калыш үчүн бүт мүмкүнчүлүгүн жумшайт. Бир кезде жашап өткөн Асанкайгы аттуу боорукер, акылман адам журтчулукка кеңири маалым жана анын иштери эл ичинде өрнөктүү иш катары каралат. Ал киши майда чымын-чиркейден баштап, ири сүт эмүүчү жаныбарларга чейин алардын тиричилигине көз салып, эгерде алар кыйынчылыкка учурап калса, зээни кейип, алардын абалын оңдоого колунан келген бардык аракетин жасаганы бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет.

Кар калың түшүп, жут болуп, жаныбарлар оттой албай калган кыйын мезгилде, Асанкайгынын жолун жолдоп, жан-жаныбарлардын абалын оңдоп, сооп алуу максатында аларды кошумча азыктандыргандар эл арасында көп эле болгон.

Элдин айтуусуна караганда, Суусамыр өрөөнүндө XIX кылымда жаныбарларга өтө боорукер Саза деген киши жашап өткөн экен. Ал киши жаздын күнү келгин куштар учуп келер мезгилде, алар арып-ачып, чарчап келишет деп, аларга жем чачып, күздүн күнү кыргыйлардын учаар мезгили болуп калды, тамагы алсыз, кырсыкка кабылып калбасын деп, адырдан, кырлардан кекилик, чилдерди бадалдуу жерлерге, токой тарапка учуруу менен убараланчу имиш.

Ушул адам сыяктуу эле Ысык-Көл ойдуңунун сыртында Канай уулу Амандык деген адам эчкилүү тоого мергенчилер чыга албай калсын деп таш тизип, тоону айланта кашаа жасаганы да эл ичинде айтылат.

Соопчулук иш деп, соолуп бараткан дарактарды, эгин талаасын акысыз сугарып жүргөндөр, канаттуулар консун, уяласын деп, талаа жерде суу бойлото дарак, бадал тиккендер, сууда жаткан ыпластарды тазалап жүргөндөр, канаттуулар мөмөсүн жеп кубат алса, сообу тийсе деп, адырлардагы булактарды бойлото мөмө-жемиш бактарын өстүргөндөр, кумурсканын уюгуна кургаган сүзмөнү майдалап чачкандар, бүтөлүп калган булактардын көзүн ачып жүргөндөр азыр деле арбын. Жаралуу болуп, канаты, буту сынган жаныбарларды таңып, дарылап жүргөндөр да кезигет.

Мындай сооптуу иштерди силер, балдар, жасасаңар, андан өзүңөр үчүн кандай пайда болот деп ойлойсуңар? Мисалы, мен мындай иштерди жасасам, канааттанып, өзүмдү жакшы сезип, боорукердик сезимдерим өсүп жатат го деп калам.



# ТӨРТ ТҮЛҮК МАЛ

## ТӨӨ

Кыргыздар канчалык мал жандуу болгону менен, малдын ичинен төө өзгөчө орунду ээлеген. Төө айрыкча жүк көтөрүмдүүлүгү менен элдин сүйүмөнчүлүгүнө ээ болгон. Көчкөндө төөлөргө үй оокатын жүктөп, үстүнө кымкап же килем жаап алып, алдыңкы төөнү салабаттуу карыя же жорго минген элечекчен байбиче жетелеп көч баштачу. Артынан кызыл-тазыл кийинип, жасалгалуу ат минген кыз-келиндер коштоп, башкалардан айырмаланып токулган кунан, быштыларга минген жаш балдар көч жандап, коңгуроосун шыңгыратып тайпандап жүгүрө баскан тайлактар, «о-о» деген, «шаңк» этип чыккан үндөр чоң шандуу салтанаттай сезилчү. Муну менен көч ээси сыймыктанчу.

Мындай көч бараткан жолго жакын жайгашкан айылдын эли бири-бирине салам айтып, тааныш болбосо деле тез эле ата салты боюнча суусунун, болгон даамын көтөрүп көчтү тосо чыгып, көчмөндөрдү сыйлашып, суусунун кандырып, көчтөрүнүн байсалдуу болушун каалап, көчтүн жасалгасын сынай карап, узатуу шарт болгон.

Төөнүн териси калың, бышык болгондуктан, кымбат бааланчу. Аны ээр каптаганга пайдаланып, андан көнөк, көөкөр, көнөчөк, чака жасашчу. Төөнүн чуудасын (жүнүн) жеңилдигине карап, жуурканга, баланын төшөгүнө салышкан жана шоона ийиришкен.

Төөнүн дагы бир пайдалуу жагы – ал мал жайытын түгөтпөйт, тескерисинче башка мал жебей турган тикенектүү чөптөрдү, куурайларды жеп, жайытты тазалайт.

Илгери бирин-экин төөсү бар адамдар ингени тууганда, келини төрөгөндөй эле сүйүнүшүп, ботосун жабуулап, жоолук салып жылуулап, кулагына шуру тагып ырымдашчу. Кошуналарына жентек берүү шарт болгон. Себеби, төө өтө жай көбөйгөн.



Эпостордогу, жомоктордогу маалыматтарга караганда, эркин өсүп жакшы багылган төөлөрдүн арасынан өзгөчө касиеттүү – чаалыкпаган, чоң күлүк «желмаян» туулат. Ал жылкыдан да күлүк болот. Аны качып баратканга жетүү, кубалагандан кутулуу үчүн минишчү экен. Тилекке каршы, азыркы убакытта төөлөр кирешесиз жана аны кароо түйшүктүү делип, жетишерлик кам көрүлбөй, дээрлик жоголуп баратат.

## ЖЫЛКЫ

Малды ар ким мүмкүнчүлүгү болушунча көбөйтүүгө аракеттенишкен. Элдин байлык деңгээли жүз бай, миң бай делип, малдын саны менен өлчөнгөн. Айрыкча жылкы жогору бааланган. Анткени элдин басымдуу көпчүлүгүнүн тиричилиги да жылкыга байланыштуу болгон. Бири-бири менен катташуу, көчүү, мал багуу, дыйканчылык иштери, душмандарга каршы чыгуу, оюн-зоок тамашалардын көпчүлүгү ат үстүндө аткарылчу. Ошондуктан «ат – адамдын канаты», «аты жоктун – буту жок», «атың барда – жер тааны, атаң барда – эл тааны» – деген сөздөр жылкынын тиричиликте зарылдыгынан улам айтылган.

Жылкылардын ичинен өңү ак жылкыны айрыкча ыйык баалап, аны ак деп айтпастан, толук ак болсо «боз», «ак боз», көгүш түктөр аралаш болсо «кызыл», «кызыл көк», кара түктөр арбынырак болсо, «көк» деп коюшат. Мындай жылкылар – элдин ишеними боюнча өзгөчө касиетке ээ болгон. Андай (боз) жылкыны кыйнап урунбайт, каалаганда эле союп сатпайт.

Жылкынын адам баласына тийгизген жардамы абдан зор.

## УЙ

Үй чарбасында уй орчундуу орунду ээлеген. Уйду багып, кармоонун негизги максаты анын этин жеп, сүтүн ичүүдөн башка да, унаа катары пайдалануу болгон. Өгүздөрдү дыйканчылыкта кеңири пайдаланышкан.

Аны менен жер айдап, мала тартышкан, жүк ташышкан. Төөсү, жылкысы жоктор көчкөндө, өгүзгө жүк жүктөшкөн, мурдун тешип, чүлүктөп минип, жан багышкан, отун-суу алууда кеңири колдонушкан. Ушундай жагдайга байланыштуу уйдун көбөйүшү ээсине чоң кубаныч алып келген. Ээси кубанычын бөлүшүү максатында, уй жаңы тууганда, ууз бышырып, жакын кошуналарын чакырып сыйлаган. Жаңы бышкан ууздан идишке куюп алып, музоонун маңдайына, жонуна, куймулчагына тийгизип:

«Музоо, музоо, музооке –
Ак эмгектин малысың.
Алдыга кетсең, карышкыр жейт,
Артта калсаң, ууру алат.
Орто жерден чыкпагын.
Жүктү уланта аман жүр,
Кылоо, кылоо, музооке», – деп кылоолоо ырымын жасашкан. Асырап кароосу жарашса, уйдан «шүдүңгүт» (күлүк уй) туулуп калышы мүмкүн деген да ишеним бар. Элдин айтымында: шүдүңгүт – күлүк болуп, татаал жолдон, кардуу ашуулардан өтүүдө, атчан элдин тобун бузууда артыкчылыкка ээ болгон.

Уйдун жаңы туулган баласы – музоо делип, ал алты-жети айлык болуп чоңоюп калгандан баштап, бир жаштагасын – «торпок» же «тай торпок», эки жаш ургаачысын – «кунан кунаажын», үч жаштагысын – «бышты-кунаажын», андан өткөндөн кийин «инек» (же уй) дешип, эркектерин «кунан ноопаз», бычылганын – өгүз, бычылбаганын – «бука» деп аташкан.

## КОЙ

Кыргыз элинин күндөлүк турмушунда эң кеңири пайдаланган малы кой болгон. Негизинен койдун этин жешкен. Сүтүнөн жуурат, курут, сүзмө, эжигей, каймак, май, айран жасашкан.

Эжигей жасарда койдун нак сүтүн чоң казанга куюп, бир аз жылытып, уютку катары кара ууздан кошуп, казанды жылуулап жаап коюп уютуп, анан

кайнатып алышчу. Кайнатканда эжигей уюп, сары суусу бөлүнүп калат. Эжигей абдан даамдуу болуп, ал эл эңсеген сый тамак катары бааланчу.

Койдун жүнүнөн боз үйдүн ички, сырткы жабдууларын, боолорун, кийиз-шырдак, жууркан-төшөк, тердик-желдик, кементай-калпак жасашкан. Ал эми терисинен: тебетей, тон, жаргак шым, көлдөлөң жасашкан. Элдин айтуусу боюнча, кой багуунун негизги жолу – аны билгичтик менен бага билүү.

Кой багууда жайыт оттуу болуп, кой сапаттуу чөпкө жакшы тоюп турушу зарыл, ошондо гана жаңы туулган козулар кара уузга жакшы тоюп, тың болот, тез торолот.

Бул жерде эскерте кете турган бир жагдай – «оору» деген сөздү илгери кыргыздар адамга гана айтышкан. Кай бирде оору деген сөз оор деп айткысы келбей, «сыркоо» же «табы жок» деп да айтышчу. Малды болсо «ыландап калыптыр», өсүмдүктү «илдетке чалдыгыптыр» дешчү.

Кой жашына жараша төмөнкүдөй айырмаланат. Койдун жаңыдан туулганы «козу», төрт-беш айлык болгондон баштап «күрпөң», ургаачы бир жашы – «токту», эки жашы – «кысыр калды», үч жашынан жогору – «соолук» (майда малды ушундай атайт) эркегинин бир жашы – «борук» же «эки тиштүү», эки жашынан тартып бычылганы – «ирик», бычылбаганы – «кочкор» делет. Кой багуу адамдардан эмгекти жана билгичтикти талап кылат.

## ЭЧКИ

Кыргыздар эчкини кеңири урунган деп айтылбайт. Токою жок бөксө тоолорду, адырларды жердеген эл эчки кармашкан. Көп эчки багууга мүмкүнчүлүгү болбосо, жалгыз же эки-үч эчки деле күтүп, желин кап тартып, аркандап багып, саап ичип жүргөндөр болгон.

«Эсиң кетсе эчки бак,
Эчки тууйт эгизди,
Эки жылда сегизди.
Айраныңды мол кылып,

Саан берет үч убак.
Эшигиңден эрмен жеп,
Эстебейт тоонун тулаңын», – деп айтылат.

Көп койлуу байлардын арасында деле үч-төрттөн эчки, көбүнчө мүйүздөрүн аркайткан эркечтер дайыма болгон. Алар кой айдаганда жол башташ үчүн керек дешкен. Негизинен эчкини эти, сүтү үчүн багышат. Эчкинин этинин майы койдукунан азыраак болуп, тез тоңот.

Эчкинин сүтүнүн майлуулугу койдун, уйдун сүтүнөн төмөнүрөөк болгону менен, итий болгон жаш балдарга өтө пайдалуу.

Эчкинин жүнүнөн кыл аркан эшип жасоого болот. Эчкинин жүнү бышык болгондуктан, шыбак бышык болушу үчүн курулушта ылайга кошулат.

Кадимки Манастын күмбөзүн салганда, ага коюлган кыш эчкинин майына бышырылып, шыбагына эчкинин жүнү аралаштырылган деп айтылат. Эчкинин майын шакарга кошуп, самын жасаганга көп пайдаланышкан. Тыбыты өтө баалуу, андан жылуу жоолук, байпак согулат. Эчкинин териси койдун терисинен калың, бышык болгондуктан, андан чанач, сабаа жасалчу, булгаарыдан маасы тигилчү. Көк бөрү (улак тартыш) оюнунда улак, эчки, теке тартылат.

Эчкилер койлор сыяктуу тоонун ачык беттерине жайылбастан, бийик аскаларга чыга качып, кээде өзү да түшө албаган, киши жетпеген бийиктикте камалып калган учурлар кездешкен. Эчки жалакайлыгы менен да айырмаланат. Жайлоодо жаан жааганда, карагайдын же аска таштардын далдоосуна качып, карышкырга жем да болушат. Кичине эле этин оорута кармап койсо бакыра бергендиктен, «эчки сойсоң бакырат, элдин баарын чакырат» – деп, уурулар да эчки уурдагандан коркушкан.

Кыргыз эли мыкты, чебер мал өстүрүүчү болушкан.

# ЖОМОКТОР

## АЧ КӨЗ БАЙ

Кыргыз жергесинде Карынбай деген өтө битир, ач көз бай болуптур. Ал күнүгө жата калып, малынын шыйрагын санап, эми малымдын башы ушунча болсо экен деп тиленчү имиш. Ошол себептен ал эч качан битир-садага берчү эмес экен.

Ал турсун, жалдап алган малчыларына макулдашкан эмгек акыларын да бербей созуп, сандалтчу дешет. Бир жесир кемпир акысын алалбай жадаганда Карынбайды каргайт. Ал каргыш тийип, Карынбайдын бүт малы жайылып жүргөн жеринен ташка айланып, өзүн жер жутуп кетиптир. Ошондон кийин элде: «Кайрымынын жогунан, Карынбайды жер жуткан» деген ылакап айтылып калыптыр. Деги эле адамдын бар дүнүйөсүнө топук кылбай, дагы баюуга, дагы жетишүүгө аракеттене беришин эл жактырбайт. Ушундан улам:

Жашы миңге чыкса да,
Улукман жашка тойбоптур,
Малы санга жетсе да,
Карынбай малга тойбоптур, – деген сөз айтылып калган экен.



# БАЛЫК ЖАНА БАЛЫКЧЫ

Илгери өткөн заманда чоң дайранын боюнда балыкчылык менен оокат өткөргөн бир чал-кемпир болуптур. Алардын Ысмайыл аттуу жалгыз баласы болгон экен. Күндөрдүн биринде чал адатынча дайрага барып, жайып койгон торун тартса, бир алтын балык торго илингенин көрөт. Чал эмне кылар айласын таппай, шашып торду кайра таштап жиберип, ханга жүгүрөт. Ханга барып, алтын балык кармаганын айтса, барып алып кел деп, чалга кошуп желдеттерин жиберет.

Ал мезгилде Ысмайыл үйүнөн чыгып, атасын карайт, атасы дайранын жээгинен көрүнбөйт. Атам башка бир жакка кеткен го, барып торун көрүп коёюн деп, келип торун тартса, ичинде алтын балык жүрөт. Ысмайыл ал балыкка боору ооруп, атам мунун «убалына калбасын» деп, тордон бошотуп коё берет да, ордуна таш салып коёт.

Чал хандын желдети менен келип торун тартса, тордо балык эмес эле таш! Болгон абалды желдет ханга айтып барат. Хан каарданып: «Бул чалдын мени шылдың кылганыбы?» – деп, үй-бүлөсү менен дарга асууну буйрат. Чал-кемпирдин айласы кетип, Ысмайылды эптеп күн көр» деп, качырып жиберип, хандын жазасын тартууга өздөрү кетишет.

Ысмайыл элинен жашырынып качып чыгып, белгисиз тарапка жол тартат. Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү, өлчөмү белгисиз, жалгыздыктан жабыркап кетип бара жатса, жолдон өзүнө түспөлдөш бир бала жолугат. Ал бала Ысмайыл менен абакелеп учурашып, кайда бара жатканын сурайт. Ысмайыл өзүнүн абалын, барар жери белгисиз экендигин айтат.

«Оо, айланайын абаке, мени ини кылып алыңыз. Менин да барар жерим, каралашар кишим жок. Мындан ары өлүү болсок бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу, чогуу жүрөлү. Атыбыз да уйкаш экен. Менин атым – Ысырайыл», – дейт. Ысмайыл сүйүнүп, макул болуп, жолду андан ары экөө бирге улантышат. Башка хандыктын аймагына өтүшөт.

Күндөрдүн биринде Ысмайыл менен Ысырайыл ошол чөлкөмдөгү хандын жигиттери эл кыдырып жардык айтып жүргөнүн көрүшөт. Ал жардыкта

хан эл ичинен акылдуу, айлакер жигитти тандап, жалгыз кызына үйлөнтүп, өзүнүн тактысын да берери айтылат.

Ысмайылдын көңүлү жогуна карабай, Ысырайыл да болжогон күнү хандын сыноосуна катышканы жөнөйт. «Кичүү эмесминби, сыноого мен эле катышайын, кокус байгеге илешип калсак, байге сиздики эле болот», – деп өтүнөт Ысырайыл. Ошентип, сыноого көп жигиттердин катарында Ысырайыл да катышат. Сыноо жамбы атуу, тыйын эңүү, күч сынашуу, табышмак табуу, накыл сөз айтуу боюнча жүрөт. Сыноонун бардыгынан Ысырайыл жеңип чыгып, хандын кызына үйлөнүп, тагына отурууга татыктуу болуп чыгат. Ханга күйөө бала болуп, кызын алып, анын тагына Ысмайыл отурат. Ысмайыл менен Ысырайыл окшош болгондуктан, алар орун алмашып алды деген күмөн саноо эч кимде деле болбоптур.

Ошентип, Ысмайыл жаш колуктулуу хан болуп калат. Бирок оюнан ата-энеси эле кетпейт. «Ата-энемдин өлүмүнө себепкер болдум» деген ой тынчтык бербейт, кабагы ачылбайт. Аны туйган Ысырайыл Ысмайылдын ата-энесинин кабарын сүрүштүрүп, өлүү болсо сөөгүн көмүп, тирүү болсо абалын билип келейин деп, коштошуп жөнөп кетет. Күндөрдүн биринде балыкчы чал-кемпирди Ысырайыл аман-эсен ээрчитип келип, Ысмайыл менен көрүштүрөт. Чал-кемпирди алтын балыктын чатагына байланыштуу хан дарга асарда, эл чуулдап сурангандыктан, тирүү калтырып, хандыктын чөлкөмүнөн чыгартып жиберген экен. Ата-энеси менен учурашып, Ысмайылдын санаасы да басылат.

Бир күнү Ысырайыл Ысмайылды жалгыздатып чакырып алып, сырын айтат: «Абаке, мен адам эмесмин, баягы сиз тордон чыгарып коё берген алтын балыкмын. Ошондо мени өлүмдөн алып калгандыгыңыз үчүн ыраазычылыгымды билдирип, кызмат өтөп жүрдүм. Эми мага ыраазы болуңуз», – деп коштошуп жөнөп кеткен экен.

# КҮКҮК МЕНЕН ЗЕЙНЕП

(Элдик жомоктун негизинде)

Илгери Пайгамбардын «Күкүк», «Зейнеп» деген эки кызы болгон экен. Алар ынтымаксыз болуп, бири-бири менен кечке эле ызылдашып уруша беришчү тура. Эч ким аларды элдештире албай коюптур. Айткан кишиге көңүл бурушчу эмес экен.

Пайгамбар кыздарын ынтымакка келтире албай тажап, айласы кеткенде, бир күнү экөөнү тең кушка айлантып, «эми кыямат кайымда эле кездешкиле», – деп, экөөнү эки жакка учуруп жибериптир.

Бирок, алар тез эле бири-бирин сагынышып, экөө эки жакта ушул мезгилге чейин бирин-бири издеп, бири бир жакта «Күкүк» деп чакырса, экинчиси «Зейнеп» деп зар какшап, табыша албай жүрүшөт экен.





# БООРУКЕРДИКТИН ЖЕМИШИ

Илгери-илгери Терең-Сай деген жерде, Тейит деген элде Телегей деген жесир аял жашаптыр. Телегейдин Теңиз деген жалгыз уулу болуптур. Ошол заманда эле эл ичинде тегиз кененчилик болбой, алдуу-камбылдар, эмгекчилдер кенен жашап, алсыздардын, жалкоолордун турмушу өп-чап болуп турган экен. Колунда барлардын ичинде эч кимге чык татырбай, байлыгын күндө көбөйтүүгө, улам арттырууга тырышкан битирлери да, жетим-жесирлерге, жарды-жалчыларга кайрымдуу кең пейилдери да болгон экен.

Телегей жалгыз уулун «канаттуга кактырбай, тумшуктууга чокутпай, жетимдин кийимин кийгизбей, жесирдин ашын жегизбей» багат. Бирок, мындай иш Телегейге оңойлук менен келбейт. «Бир колу куургуч, бир колу туткуч» болуп, ар кимдин оокатын жасашып, битирлердин чоң ишин жасап, арзыбаган акы алып, кең пейилдин азыраак оокатын жасап, арбын акы алып, кимдин ким экендигин ажыратып билет. Жалгыз уулунун айынан ысыкка күйөт, суукка тоңот. Телегейдин бардык жасаган аракети эле уулун ден-соолугу чың, адамкерчиликтүү, акыл-эстүү кылып өстүрүү болот. Телегейди көргөн, билген эл да ага ыраазылыгын билгизип: «Бечара Телегей, уулум деп жүрүп эмнелерди көрбөдү, бүт кубат-күчүн, ак сүйүүсүн, өз өмүрүн уулуна арнады. Эне болсо ушундай болсун!» – деп даңазалашат.

Теңиз да энесинин эмгегин талаага кетирбей, кичи пейил, боорукер, энесине абдан кайрымдуу, акылдуу-эстүү бала болуп чоңоё берет. Тез эле энесинин жеңилин жерден, оорун колдон алган жардамчы болот. Бул эне-баланы билген элдер да Теңизге ыраазы болушуп: «Энесинин ак сүтүн, эмгегин актай тургандай эстүү бала болду, өмүрлүү болсун» – дешип, анын кылык-жоруктарын кубатташат.

Теңиз энеси каалагандай боорукер болуп өсөт. Алсыздарга, ач калган, кеч калгандарга өзүнүн үлүшүн берүүгө ар дайым даяр болот. Ал жапайы



жандыктарга бир туугандай мамиле жасап, кыштын күндөрү ичүүчү тамагынын жарымын эле короодогу чымчыктарга, көгүчкөндөргө бөлүп бере турган болот. Энеси кыйынчылык менен табылган тамактарды уулунун өзү жебей, чымчыктарга берип жатканына ичи ачышса да, уулун боорукерликке өзү үйрөтөт.

Бара-бара мурдагы оор эмгектин таасири менен Телегейдин ден-соолугу начарлагандан начарлап отуруп, бир күнү колу-буту тырышып, баса албай калат. Теңиз нары жүгүрөт, бери жүгүрөт, эл айткан ырым-жырымдын баарын жасайт, тамырчы-табыптарга көтөрүп барат. Бирок, энесинин ден соолугу начарлай берет.

Бир күнү эмне кыларын билбей айласы түгөнүп, эшигинин алдында ыйлап отурса, колунан жем жеп жүргөн көгүчкөн жанына учуп келип конуп: «Теңиз, Теңиз, көп кайгырба, энеңдин оорусунан арылта турган дары – мүрөктүн суусу. Ал суу өтө алыс, ага барыш үчүн сай суусун жээктеп, анын эң башына чейин барыш керек, андан ары да чоң ашууну ашыш керек болот. Ошондо маңдай тараптан кара зоо көрүнөт. Ошол кара зоонун боорунан суу тамчылап, түбүндө чөөт болуп турат. Тамчыдан тосуп ичип, чөөткө чөмүлүп жатса эле, энең айыгып кетет. Ал суу эч кимге жаманчылыгы жок, бардык жанга жакшылык көрсөткөн, жол кыйынчылыгын жеңген адамга гана табылат. Кыйынчылыктан коркпосоң, эненди алып барып, айыктырып кел», – дейт.

Мен энем үчүн кыйынчылыкка эле эмес, өлүмгө да даярмын деп камданып, энесинин көңүлү жогуна карабай, көтөрүп алып жолго чыгат. Түндө эс алып, күндүз алынын жетишинче тынбай жүрүп отуруп, көп жол басат. Бир күнү кар-муз каптаган чоң ашуунун түбүнө келип токтойт. Карагайдын түбүнө түшкөн бүчүрлөрдөн шилеп чогултуп төшөп, энесин жылуулап жаткызып коюп, эртең энемди көтөрүп өтөм да деп, ыңгайлуу жол чалгындап чыгып, муздун жанынан жаракага түшүп кетип, чыга албай турган кулжаны көрөт. Теңиз белин бууган жипти кулжанын мүйүзүнө илип, тарткылап жатып, аны туңгуюктан алып чыгып, коё берет. Ошондо кулжага тил кирип,

ыраазычылыгын билгизип, Теңиздин эмне каалоосу бар экендигин сурайт. Теңиз кулжага эч кандай талабы жок экендигин, мүмкүн болсо оорулуу энесин көтөрүп өтүү үчүн ашуудан жол көрсөтүп берүүсүн өтүнөт. Кулжа жардамдашууга убадасын берип кетет. Эртеси эртең менен туякка куйган айран ала келип, Телегейди үстүнө мингизип, аярлай басып, ашуудан ашырып, мүрөктүн суусу бар деп болжогон жерге жеткирип коёт да, көзөмөлдөп жүрүп Теңиздер кайра кетерде келип, узатып коёрун айтып, кетип калат.

Теңиз айтылган жердеги аскадан сарыгып тамчылап турган тамчыдан энесине ичирет. Асканын түбүндөгү чөөттүн түбүн, тегерегин колу менен казып, энеси кенен батып жаткандай кылып чоңойтот да, энесин күнүгө үч маал бир аз убакыттан сууга жаткырат. Телегей тез эле кубат байлап, өзү туруп баса баштайт. Жети күндөн кийин оорусу толук жакшы болуп, колубуту иштеп, бир топ жашарган экен.

Ошентип, Теңиздин энесине болгон терең сүйүүсүнүн натыйжасында жана өзүнүн жаныбарларга көрсөткөн боорукерлигинин жардамы менен ал энесин катуу оорудан аман-эсен айыктырып алып, көңүлү ачылып үйүнө келиптир. Энесин да, өзүн да көргөн-билген эл-журту алкоодон алкоо жаадырып: «Жакшы аттуу, жарык жүздүү адамдар ушундай болсун!» – деп бата беришкен экен.



# ЧЫНЫБЕК ЖАНА СЫЙКЫРЧЫ

Илгери-илгери байлар байлыгына мас болуп, кедейлер жокчулуктун каарын тартып, сыйкырчылар сыйкырчылык касиети менен эл ичине чаң салып турган бир заманда Ала-Тоонун арасында Миңбай, Жүзбай деген эки бай кошуна жашашыптыр. Миңбайдын кою миңден ашык, Жүзбайдын кою жүзгө чамалуу экен.

Күндөрдүн биринде Жүзбайдын уулу Чыныбек коюн жайып жүрүп, Миңбайдын коюн карышкыр кырып жатканын, Миңбайдын кой кайтарган уулу чалкасынан түшүп уктап жатканын көрүп жүгүрүп барат: «Коюңду карышкыр кырып атат!» – деп баланы ойготот. Бирок, Миңбайдын уулу ырахмат айтуунун ордуна: «Жакшы түш көрүп жатсам, аягына жеткирбей ойготтуң», – деп Чыныбекти урушат. «Жакшылыкка – жамандык», – деп Чыныбек наразы болот. Экөө урушуп жатып чарчаганда, эс алып отуруп калышат. Ошондо Чыныбек Миңбайдын уулунан: «Деги эмне түш көрүп жаттың эле?» – деп сурайт. Ал кыйыктанып туруп, анан айта баштайт:

– Түшүмдө эс алып чалкамдан жатсам, баш тарабымдан күн чыгып, өйдөлөп отуруп, туура мага жакын келди. Кайра күн түнгө айланып, аяк жагымдан ай көтөрүлө баштады. Асманда жылтылдаган жылдыздар. Алар алмаз, асыл таш болуп, менин үстүмө түшүп жатыптыр.

– Чын эле жакшы түш экен. Түшүңдү мага саткын – деп, Чыныбек соодалашып отуруп, акырында коюнун баарын берип, түштү сатып алган болуп, кечинде үйүнө барат. Жүзбай уулунун кою жок келгенине таң калып, сураштырып, коюн түшкө алмаштырганын угуп, абдан кейип, уулуна: «Кайда барсаң өзүң бил, койсуз кайра келбегин», – деп үйүнөн кубалап чыгат.

Чыныбек тоо аралап белгисиз тарапка тентип кете берет. Күндүз



да жүрөт, уктап уйкусу канса, түндөсү да жүрөт. Арып-чарчап чаалыгат. Бир жерге жеткенде, андан ары аяк шилтеп басыш өтө эле оор болгондуктан, жалпак таштын үстүнө көчүк коюп эс алып отурса, ал таштын коңулунан коён чыгып, Чыныбектин абалын көрүп табалайт.

– Ии, Чыныбек, өткөн жылы өз аймагыңда жүргөндө, алдуу-күчтүү, таш боор элең. Кышында кар калың түшүп, биз тоют таппай, кардан жүгүрө албай кыйын абалга кабылган учурда, далайыбызды кыргансың. Ал чөйрөдөн аз эле коён жазга жетип, ылайыктуу жер издеп, бул тарапка ооп келгенбиз. Бул тарапка сен да келиптирсиң. Бирок, андагыдай алың жок. Өзүң жардам үмүт этип калыптырсың, чала болот, – деп табалап, шакабалап обочолоп кетет.

Чыныбек андан ары илкий басып баратса, маңдай тарабына карга конуп:

– Чыныбек, сен дагы катаал абалга кабылыптырсың го. Былтыр эле кышында койлоруңа жем берип жатканыңда сагалап барсам, таш менен уруп кубаладың эле. Ачкалыктын абалы кандай экен? Өлсөң экен, көзүңдү оё чокуюн! – деп учуп кетет.

Бир аз убакыт өткөндө, Чыныбектин жанына көк көгүчкөн конуп:

– Оо, баягы Чыныбек таш боор турбайсыңбы. Сен менин энемди тузактап кармап алып, жетим калтыргансың. Эми ачкалыктан азыр өлүп кетсең да, кенедей кейип койбойм. Деги бир жандыкка жакшылык кылганыңды уккан эмесмин. Демек, эч ким сага жардамга келбейт, – деп учуп кетет.

Кечке жуук Чыныбек бир жагынан курсагы ачып, алы кетип кейисе, экинчи жагынан, ушул мезгилге чейин ар бир жандык жашоого акылуу экендигин, алар дагы жашагысы келерин ойлонбой, амалын, күчүн пайдаланып, алсыз, зээни пас жандыктарга адилетсиз зулумдук көрсөтүп жүргөндүгүн түшүнүп, кейип, өзүн-өзү жек көрүп жатып уктап

калат. Түндүн бир мезгилинде ак боз ат менен келген бир киши Чыныбекти шаштырып ойготуп, шартын сураштурууга деле үлгүртпөй, учкаштырып алып, закымдап жөнөйт. Таң аткыча жол жүрүп отурушуп, чоң шашке (чак түш) болгондо, адырлуу тоонун арасындагы жасалгалуу аппак боз үйдүн жанына келип аттан түшкөндө, экөө бири-бирин таңдана карашат. Чыныбек өзүн учкаштырып алып келген мөлтүрөгөн сулуу кыз экендигин көрүп таң калса, кыз башка жигитти алып келгенине таң калат. Кыз сыйкырчы Сейиттин уулу Өмүраалы менен кезигип, качууну болжошкон. Жолуга турган жерге кокусунан барып калган Чыныбекти кыз алып кеткен эле. Айсулуу тагдырына Чыныбек буюрганын түшүнүп, бир аз убакыттан кийин үйлөнүү тоюн өткөрүшөт. Алар бири-бирин сыйлашкан жубайлардан болушуп, таттуу турмушту башташат.

Көп убакыт өтпөй, Айсулуу Чыныбек деген жигитке турмушка чыккандыгы жөнүндө кабар Өмүраалыга да жетет. Өмүраалы тандалма жигиттерден ээрчитип алып, Чыныбекти өлтүрүп, Айсулууну кайтарып алыш үчүн аттанат. Айсулуу муну билип, Чыныбекке айтат. Куралдуу күч ага каршы келе жатканын угуп, Чыныбектин жүрөксүнгөнүн байкаган Айсулуу: «Коркпо, мен жардамдашам», – деп көңүлүн жайлап, тынчытат. Айсулуу Гүлгаакы деген сыйкырчынын кызы болгон. Ал байыркы элдердин сыйкырдуу касиеттеринин бир тобун апасынан үйрөнүп алган эле. Өмүраалылар таппай калсын деп, амал менен Чыныбекти чоң ак боз үйгө айлантып, ичине тулгага кырк кулактуу, адамдын сөзүн уга турган казан асып, толтура эт салып, от жагып бышыра баштайт.

Өмүраалылар келатып дөбөдөгү боз үйдү, андан булап чыгып жаткан түтүндү көрүп, буркураган эттин жытын сезишип, ошол үйгө түшүп, эс алып, эт жеп кетүүнү чечишет. Өмүраалы жигиттери менен боз үйгө кирип, жайланышып отурушуп: «Эми этке тоюп алып, Чыныбекти таап

талкалайбыз», – деп жатышканда, кайнап турган казан угуп, ортосунан тең жарылат да, үйдүн ичиндегилерге бүт кайнак сорпо жаба төгүлүп, күйүп өлүшөт. Ошентип, Айсулуу менен Чыныбек Өмүраалылардан кутулат.

Болгон окуяны Өмүраалынын атасы Сейит угуп, Чыныбекти өзү барып жок кылууга камынат. Бул жөнүндө Айсулуу биле коёт да, бүт окуяны Чыныбекке түшүндүрүп, аны ак тайлакка айлантып коёт. Карт Сейит келе жатканда эле ак тайлакты көрүп, ал Чыныбек экенин түшүнөт.

Сейит жолдоштору менен тосуп, тайлакты шор көлгө айдап киргизгенде, тайлак уюган коргошун болуп, көлдүн түбүнө түшүп кетет. Сейит шор көлдү бүт соруп, түбүндө жаткан уюган коргошунду ала коёрдо, Чыныбек жөргөмүшкө айланып, чөп-чардын арасына кирип кетет. Сейит кучкач чымчыкка айлана калып, жөргөмүштү чокуп аларда, Чыныбек кыргыйга айлана калып, кучкач чымчыкты тытып жиберет. Ошентип, Айсулуу менен Чыныбек Сейиттен да кутулушат.

Бирок, Айсулуу менен Чыныбек чоң азап, катуу сыноолордон дагы деле кутулушпайт. Алар үйлөнгөндөн бир ай чамалуу убакыт өткөндөн кийин тынчыраак жашайбыз го деген ой менен Карахан деген хандын жерине өтүп барып жашай башташат.

Карахан өтө ач көз, таш боор, сыйкырдуулугу менен элге маалым экен. Ал жагдайды Чыныбектер гана билишкен эмес.

Күндөрдүн биринде Карахан куш салып жүрүп, бир коёнго кушун шилтеп жиберсе, куш коёнду карабай барып, Чыныбектердин үйүнүн чамгарагына конуп калат. Карахан боз үйдүн жанына келип: «Үйдө киши барбы? Кушту алып бергиле!», – деп үн салганда, хан өзү келип калганын Айсулуу көрөт.

– Кушун алып бер, – деп Чыныбеке кайрылса, ал кыйыктанып:

– Өзүң эле алып бере койчу, – дейт.



Хан Айсулуунун сулуулугун көргөндө, атынан ооп кете жаздап оңолот да, аны Чыныбектен тартып алуунун амалын ойлой баштайт.

Бир күнү Карахан Чыныбекти хан сарайына чакырып алып мындай дейт:

– Чыныбек, сенин жашооң өтө суз экен. Эр жигит шайыр-шаттыкта жашаш керек. Экөөбүз жашынмак ойнойлу. Мен жашынганда сен таппай калсаң, аялыңды мага бересиң. Өзүң биздин жерден чыгып кетесиң. Сен жашынганда мен таппай калсам, хандыгымды аласың, – дейт.

Чыныбек айласы жок макул болот.

Адегенде хан жашынып, Чыныбек издейт. Бирок эч жерден таппай кыйналат. Күйөөсүнүн бир нерсе издеп жүргөнүн байкаган Айсулуу:

– Эмне издеп жүрөсүң? – деп сурайт.

Чыныбек аялына болуп жаткан окуяны толук түшүндүрөт. Айсулуу Карахандын максатын түшүнүп, анын кантип жашынганын билет да, Чыныбекке кеңеш берет:

– Караханды өзүң издеп таппайсың. Хандын ат сарайына кирсең, калжагай ак текени көрөсүң. Анын сакалын колуңа орой кармап, сабай баштасаң, Карахандын сыпатына келет.

Чыныбек так ошондой жасаса, камчыга чыдай албай:

– Болду, болду, сен уттуң, – деп Карахан тура калыптыр.

Экинчи жолу Карахан жашынганда, секидеги терекке айланып туруп калган экен. Чыныбек Айсулуунун кеңеши боюнча колуна балта алып барып, теректи көздөй шилтеп бараткaнда:

– Чаба көрбө! Дагы уттуң, – деп Карахан өз кейпине келип тура калыптыр.

Карахан үчүнчү жолу кара бууранын кейпин кийип, сасык көлдүн жээгинде чөгүп жаткан жеринен Чыныбек Айсулуунун кеңеши менен барып таап алат.

Жашынуу кезеги Чыныбекке келет. Айсулуу Чыныбектен:

– Эми кайда жашынасың? – деп сураса: «Жүк жыйчу тактанын астына кирип алайын» – дейт.

– Анда сени табуу кыйындыкка турбайт. Таап алып, Карахан экөөбүздү тең шорго салат. Сени жашырууга мен да жардамдашайын - деп, Чыныбекти оймокко айлантып, сөөмөйүнө илип, ийне менен этегин тигип отуруп алат. Карахан келип ары издеп, бери издеп, таппай жадап, аргасы түгөнгөндө: «Сен уттуң Чыныбек, чыга бер», – дейт. Чыныбек өз кейпине келип, кубулуп тура калат. Экинчи жолу Айсулуу Чыныбекти бир учук жипке айлантып, түлкү тумак тигип отуруп алат. Мында дагы Карахан таппай калат. Үчүнчү жолу Айсулуу Чыныбекти ийнеге айлантып, көйнөгүнүн жакасына сайып алып, тамак жасаганга киришет. Мында дагы Карахан таппай калат. Жашынмак менен жеңе албаган Карахан амал менен Чыныбекти жок кылгысы келет.

– Чыныбек, сага менин акыркы талабым бар, – дейт Карахан.

– Сен тиги дүйнөгө кеткен атамдан элге сурак жүргүзүү боюнча кеңешин барып сурап кел, – дейт.

Чыныбек менен Айсулуу айласы кетип, ойлонуп отурушуп, катты анын атасынын атынан өздөрү эле жазып берүүнү чечишет. Чыныбек отуруп алып ал катты жазат: «Уулум, мен сага ыраазымын, эл дагы сага ыраазы. Адилет жакшы сурак жүргүзүп жатасың. Бийлик колуңда турганда, мага бир келип кет».

Арадан жети күн өткөндө, Чыныбек бул катты Караханга алып барып берет.

Ал катты окуп алып, чын эле атамдын каты экен деп түшүнүп, жоокерлерин чакырып: «О дүйнөдөгү атам мени көргүсү келип жатыптыр. Мен барып келейин. Чыныбек сен мени узатып бар!» – дейт.

– Чыныбек макул деп, Караханды бийик асканын башына ээрчитип барып, устунга аркан менен таңып туруп, аскадан түртүп жибериптир.

Ошентип, Чыныбек менен Айсулуу душманынан кутулушуп, ойлонуп отурушуп, өз элине көчүп кетүүнү чечишет. Атасы Жүзбай баласы аман-эсен келин алып келгенине сүйүнүп, чоң той берет. Чыныбек жан-жаныбарларга боорукер, калыс адам болуп, бейпилдиктин доорун сүрө жашаган экен.



# МАЗМУНУ


ЖЕРГЕБИЗДЕГИ ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮ 4
ЖАНЫБАРЛАРГА БОЛГОН ӨЗГӨЧӨ МАМИЛЕ 6
ЖАНЫБАРЛАР ТУРМУШУ 7
«ЫЙЫК» ДЕГЕНДИ КАНДАЙ ТҮШҮНӨБҮЗ 8
СУУНУН ЫЙЫКТЫГЫ 9
КЫРГЫЗ ЖЕРИ СУУГА БАЙ 10
МҮРӨКТҮН СУУСУ 10
АРЧА 12
АК КУУ 13
ЭСТЕН КЕТКИС ОКУЯ 14
СООПЧУЛУК 16

**ТӨРТ ТҮЛҮК МАЛ**

ТӨӨ 18
ЖЫЛКЫ 20
КОЙ 21
ЭЧКИ 22

**ЖОМОКТОР**

АЧ КӨЗ БАЙ 24
БАЛЫК ЖАНА БАЛЫКЧЫ 26
КҮКҮК МЕНЕН ЗЕЙНЕП 28
БООРУКЕРДИКТИН ЖЕМИШИ 30
ЧЫНЫБЕК ЖАНА СЫЙКЫРЧЫ 34

**Бозум Алышбаев**

# ТАБИЯТ МЕНЕН ТАТТУУ МАМИЛЕ

Сүрөтүн тарткан *К. Рымбек*

Тексттерди иреттеп, калыптандыргандар:
*Н. Баимбетова, А. Токтомаметов,*
*Ж. Турпанова*

Дизайнери *А. Мадлымбекова*